КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
БОЛОТ МАМБЕТОВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
БОЛОТА МАМБЕТОВА

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин**
**VII чакырылышындагы VI сессиясы**
**Токтом**

**2024-жылдын 11-сентябры №54** **Төрт-Күл айылы**

**Б. Мамбетов айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын жергиликтүү бюджетиндеги 427933,85 сом акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Бюджет Кодексине" жана "Жергиликтүү кенештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык, Болот Мамбетов айыл Өкмөтүнүн финансы-экономика боюнча башчысы М.Кубанычбекованын сунушун угуп, талкуулап жергиликтүү кеңештин сессиясы **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Болот Мамбетов айыл аймагынын бюджетинде бекитилген 70911-бөлүмүнүн 2218-тамак аш азыктарын алуу беренесиндеги калган акча каражаты 427933,85 сом төмөндөгү бөлүмдөргө бөлүштүрүлсүн.

Ушул эле 70911-бөлүмүнүн 2111-негизги эмгек акыга беренесине 127650,15 сом, 2121-социалдык фондго төгүмдөр беренесине 26609,85 сом, жалпы 154259,85 сом.

ЖКХ 70629-бөлүмүнүн 22141200 запастык бөлүктөрдү алуу беренесинин автопогрузчикке дөңгөлөк камерасы менен 2даана 75000 сомдон 150000 сомго, МТЗ 82 тракторуна дөңгөлөк камерасы жок 2 даана 35000 сомдон 70000 сом.

Аппарат 70111- бөлүмүнүн 22221200-учурдагы чарбалык максаттар үчүн башка буюмдарды сатып алуу үчүн 8000 сомду рамка алууга, ушул эле бөлүмгө Б.Мамбетов айыл өкмөтүндө райондук деңгээлде өтүүчү түшүм майрамына 25674 сомду 22154900 "Башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөөгө байланыштуу" беренесине жана "Ардактуу атуул", "Сыймыктуу инсан" наамдарын алуу үчүн 20000 сом.

2. Бул токтомдун аткарылышы Болот Мамбетов айыл аймагынын башчысы Р.Кылжыровго милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Болот Мамбетов жергиликтүү Кеңешининин пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча комиссиянын төрагасы Г.Өмүркуловага тапшырылсын.

Төрага Р.М.Белекова